**Диссертация боюнча баштапкы документтерди текшерүү**

**АКТЫСЫ**

Д. 12.24.695. Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиянын курамы:

**Комиссиянын төрагасы:**

**Мурзаибраимов Нурбек Бектемирович** - юридика илимдеринин доктору, доцент.

**Комиссиянын ммүчөлөрү:**

**Асаналиев Тилек Асаналиевич** - юридика илимдеринин доктору, профессор.

**Туратбекова Чынара Акылбековна** - юридика илимдеринин доктору, доцент.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы Д. 12.24.695. диссертациялык кеңешинин 12.00.01 — укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган изденүүчү Нуриев Дооронбек Шамшиевичтин «Тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар: теориялык, тарыхый жана эл аралык укуктук аспекттер» темасындагы диссертациясы боюнча баштапкы документтеринин ишенимдүүлүгүн жана көлөмдүк жеткиликтүүлүгүн текшерип чыктык.

Эксперттик комиссия текшерүү алкагында төмөнкүлөрдү карап чыкты:

1) автор тарабынан жарыяланган илимий эмгектерде толук чагылдырылган диссертациянын материалдарынын жана коргоого алып чыгарылуучу жоболордун талапка ылайыктуулугу, диссертациянын негизги илимий натыйжаларында жарыялоого коюлган талаптардын аткарылышы, ошондой эле илимий даражаларды ыйгаруу жөнүндө жободо белгиленген талаптарына туура келиши;

2) диссертациялык изилдөөнүн илимий адистикке жана илимдин тармагына шайкеш келиши;

3) илимий даражага талапкер тарабынан жарыяланган илимий эмгектерде диссертациянын материалдарын чагылдырылып берилүүсүнүн толуктугу:

4) Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАК тарабынан сунушталган басылмаларда жарыяланган изденүүчүнүн илимий эмгектери

(илимий журналдардагы макалалар);

5) изденүүчү тарабынан диссертацияны жазууда пайдаланылган атамекендик жана чет өлкөлүк илимий булактардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын, изилденип жаткан тармакты жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларынын илимий эмгекте туура колдонулгандыгы;

Эксперттик комисиянын текшерүүсүнө изденүүчү тарабынан келтирилген диссертация боюнча баштапкы документтерин толук карап чыгып, алардын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайыктуулугун жана жеткиликтүүлүгүн текшкерүүнүн натыйжасында төмөнкү тыянакка келди:

Диссертациясынын баштапкы документтеринин сапаты, диссертацияда көрсөтүлгөн маалыматтарга дал келет. Баштапкы документтердин ишенимдүүлүгү жана жеткиликтүүлүгү боюнча кемчиликтер аныкталган жок.

**КОРУТУНДУ:**

Диссертация боюнча баштапкы документтер ишенимдүү жана жеткиликтүү негизде, илимий-практикалык материалдардын көлөмү жеткиликтүү, диссертант тарабынан коюлган изилдөөнүн максатынын, тапшырмасынын жана натыйжаларынын маңызын чагылдырат, негизги материалдардын алгылыктуу көлөмү, толук баштапкы документтердин болушу изденүүчү Нуриев Дооронбек Шамшиевич тарабынан алынган натыйжалар жеткиликтүү жана коюлган талаптарга толук жооп берет.

**Комиссиянын төрагасы:**

**Юридика илимдеринин доктору,**
**доцент** **Н.Б. Мурзаибраимов**

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

**Юридика илимдеринин доктору,**
**Профессор** **Т.А. Асаналиев**

**Юридика илимдеринин доктору,**
**доцент** **Ч.А. Туратбекова**

ученый секретарь Д 12.24.695
д.ю.н. Жээнчиева К.С.